**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**8-класс**

**1-тапшырма.**

*Оң жактагы таблицаны пайдаланып “Чистюля” компаниясынын фирманын кеңсесин жыйноонун бир айлык кызматынын наркын эсептөөчү туюнтманы тандагыла.*

Офисинин жалпы аянты 300 $м^2$ фирма “Чистюля” тазалоо компаниясы менен келишим түзүштү. Бул офистик кеңсе иш күндөрүндө аянты 100 $м^2$ бөлмөнү “График боюнча” тазалоо тарифи боюнча, ал эми жалпы жыйноону аянты 150 $м^2$ жерди жумасына бир жолу “Бардыгы камтылган” тарифи боюнча, ал эми калган бөлүгүн “Ачкыч тапшыруу” тарифи боюнча айына эки жолу жыйноо талап кылат.

*Маалымат. Бир айда 4 толук жума, бир жумада 5 жумушчу күн бар деп эсептегиле.*

**Бир туура жоопту тандагыла.**

А) $4\cdot(5\cdot100\cdot d + 150\cdot b) + 2\cdot50\cdot c$

Б) $1200\cdot d + (2\cdot200\cdot b + 2\cdot100\cdot c)$

В) $4\cdot(3\cdot100\cdot d + 2\cdot150\cdot b) + 2\cdot100\cdot c$

Г) $1400\cdot d + (2\cdot300\cdot b + 100\cdot c)$

***Офис жууп – тазалоо***

“Чистюля” тазалоо компаниясы офистик кеңсени тазалоо боюнча өзүнүн кызматтарын төмөнкү тарифтер боюнча сунуштайт:

| ***Кызматтын түрлөрү*** | ***Баа*** |
|---|---|
| “Баары камтылган” жалпы тазалоо | b сом/ $м^2$ |
| “Ачкыч тапшыруу” менен тазалоо | c сом/$м^2$ |
| “График боюнча” тазалоо | d сом/$м^2$ |





**2-тапшырма.**

*Оң жактагы текстти окугула жана таблицанын жардамы менен тапшырманы аткаргыла.*

Фирма “Чистюля” компаниясына айына канча сумманы төлөйт?

*Маалымат. Бир айда 4 толук жума, бир жумада 5 жумушчу күнү бар деп эсептегиле.*

*Тапшырманын жообун атайын белгиленген жерге жазгыла.*

Жооп: ________

***Офис жууп – тазалоо***

“Чистюля” тазалоо компаниясы кеңсе жайларын тазалоо боюнча өзүнүн кызматтарынын төмөнкү тарифтерин сунуштайт:

| ***Кызматтын түрлөрү*** | ***Тариф*** |
|---|---|
| “Стандарт” тазалоо | 50 сом/ $м^2$ |
| “Баары камтылган” жалпы тазалоо | 75 сом/ $м^2$ |
| “Ачкыч тапшыруу” менен тазалоо | 150 сом/ $м^2$ |
| “График боюнча” тазалоо | 37 сом/ $м^2$ |

Жалпы аянты 300 м $^2$ болгон кеңсеси бар фирма “Чистюля” компаниясы менен келишим түзгөн. Кеңседеги аянты 100 м $^2$ болгон бөлмөгө «График боюнча» тарифи боюнча күн сайын тазалоо, 150 м $^2$ болгон бөлмө үчүн жумасына бир жолу -«Баары камтылган» тарифи боюнча жалпы тазалоо, калган аянттары үчүн «ачкыч тапшыруу» тарифи боюнча айына 2 жолку тазалоону талап кылышат.





**3-тапшырма.**

*Оң жактагы таблицанын жардамы менен тапшырманы аткаргыла.*

Орточо эсеп менен фирма бул тазалоочу компанияга айына 150 миң сом төлөйт. Кызматкерлердин эмгек акысы алынган кирешенин 60% ын түзөт. Эгер бул компаниянын ар бир кызматкери 18000 сомдон айлык акы алса, анда “Чистюля” компаниясынын канча кызматкери бул компаниянын кеңсесин тейлейт?

*Тапшырманын жообун атайын белгиленген жерге жазгыла.*

Жооп:

***Офис жууп – тазалоо***

“Чистюля” тазалоо компаниясы кеңсе жайларын тазалоо боюнча өзүнүн кызматтарынын төмөнкү тарифтерин сунуштайт:

| ***Кызматтын түрлөрү*** | ***Тариф*** |
|---|---|
| “Стандарт” тазалоо | 50 сом/ $м^2$ |
| “Баары камтылган” жалпы тазалоо | 75 сом/ $м^2$ |
| “Ачкыч тапшыруу” менен тазалоо | 150 сом/ $м^2$ |
| “График боюнча” тазалоо | 37 сом/ $м^2$ |



